**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫ**

720011, Бишкек шаары, Пушкин көчөсү, 50
Тел: +996 (312) 620821, факс: +996 (312) 620823
www.shailoo.gov.kg
e-mail: document@shailoo.gov.kg
Борбордук казыналык
ИУЖК: 20327005
БИК: 440201
ИСН: 01704199610123

**ЦЕНТРАЛЬНАЯ КОМИССИЯ ПО ВЫБОРАМ И ПРОВЕДЕНИЮ РЕФЕРЕНДУМОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

720011, г. Бишкек, ул.Пушкина, 50
Тел: +996 (312) 620821, факс: +996 (312) 620823
www.shailoo.gov.kg
e-mail: document@shailoo.gov.kg
Центральное казначейство
ОКПО: 20327005
БИК: 440201
ИНН: 01704199610123

№ _____________ «____» ________ 20 ___

Сизд.чыг. (На) № ___________ «____» _________ 20 ___

**Талас облусу, Айтматов районуу, Көк-сай айылы, Бөкөнбаев көчөсү №**[redacted]
**Р. Т. Насирдиновго**
[redacted]
**Э. Т. Насирдиновго**
[redacted]

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы (мындан ары – Борбордук шайлоо комиссиясы) Сиздин арызыңыз боюнча төмөнкүлөрдү билдирет.

Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 31-беренесине ылайык, «*Бишкек жана Ош шаарларынын кеңештерин кошпогондо, жергиликтүү кеңештердин сандык курамы тиешелүү административдик-аймактык бирдиктин калкынын санын эске алуу менен төмөнкүчө белгиленет:*

*1) Бишкек жана Ош шаарларынын кеңештери - 51 депутат;*

*2) шаардык жана айылдык кеңештер (статистикалык маалыматтарга ылайык шайлоо жүргүзүлүп жаткан жылдын 1-январына карата абал боюнча административдик-аймактык бирдиктин калкынын саны боюнча):*

*6000ге чейин - 11 депутат;*

*6001ден 20000ге чейин - 21 депутат;*

*20001ден 70000ге чейин - 31 депутат;*

*70001ден тартып жана андан көп - 41 депутат*».

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин 2024-жылдын 1-январынын маалыматты боюнча, Талас облусунун Айтматов районунун Шекер айыл аймагынын калкынын саны – 13210 болуп, депутаттын саны– 21ди түздү.

Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Мыйзамынын 10-беренесине ылайык, «*шайлоо системасына жараша тиешелүү аймакта катталган*

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

*шайлоочулардын саны жөнүндө маалыматтардын негизинде бирдиктүү шайлоо округдары жана көп мандаттуу шайлоо округдары түзүлөт.*

*Жергиликтүү кеңештин депутаттарын көп мандаттуу шайлоо округдары боюнча шайлоону өткөрүү шайлоо күнү белгиленгенден кийин 3 календардык күндөн кечиктирбестен калкты каттоо, жер ресурстарын башкаруу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан берилүүчү маалыматтардын негизинде түзүлүүчү шайлоо округдарында жүзөгө ашырылат».*

Ал эми, шайлоо округдарын түзүүдө төмөнкүдөй талаптар сакталууга тийиш:

1) шайлоочулардын саны боюнча шайлоочулардын өкүлчүлүгүнүн орточо ченеминен, эреже катары, 15 пайыздан ашпаган, ал эми жетүүгө кыйын жана алыскы жерлерде 20 пайыздан ашпаган жол берилген четтөө менен шайлоочулардын саны боюнча шайлоо округдарынын болжолдуу бирдейлиги;

2) шайлоо округу бирдиктүү аймакты түзөт, бири-бири менен чектешпеген шайлоо округдарында шайлоо округун түзүүгө жол берилбейт.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан берилген маалыматтардын негизинде, Айтматов районунун Шекер айылдык кеңешинде шайлоо округдары «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Мыйзамдын 10-беренедеги талаптарды сактоо менен төмөндөгүдөй бекитилди:

| шайлоо округу | айылдын аталышы | шайлоочулардын саны | мандаттын саны |
|---|---|---|---|
| **Шекер айылдык кенеш** | | | |
| **5** | **4** | **7367** | **21** |
| №1 шайлоо округу | Кайнар | 945 | 3 |
| №2 шайлоо округу | Көк сай | 1483 | 4 |
| №3 шайлоо округу | | 1444 | 4 |
| №4 шайлоо округу | Арчагул | 1022 | 3 |
| №5 шайлоо округу | Шекер | 2473 | 7 |

Кошумча белгилеп кетсек, бул округтардын түзүлүшү жана бөлүнүшү мыйзам талаптарына жооп берет. Шекер айылдык кеңешиндеги шайлоо округдары бекитилгенден кийин, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан шайлоо округдарды өзгөртүү боюнча шайлоо комиссиясына сунуштар келип түшкөн эмес.

**Төраганын орун басары** **Т. Шайназаров**

Атк: У.Темирбеков 665186

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ Ж-73, 21.11.2024

Кол койгон: Шайназаров Т.У., 21.11.2024